**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯ МИНИСТРЛИГИ**

**С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети**

**Филология факультети**

**Чет тилдер кафедрасы**

| «МАКУЛДАШЫЛДЫ» | «БЕКИТЕМИН» |
|---|---|
| Окуу башкармалыгынын башчысы | Академиялык иштер боюнча |
| ____________ Ж.Ж. Усубалиева | проректор ________ К.О. Омурова |
| «_5_» _09_________20_25_-ж. | «____» ____________20___-ж. |

# ҮЙРӨНҮЛҮП ЖАТКАН ТИЛДИН ПРАКТИКАЛЫК КУРСУ 1,2 ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН ЖУМУШЧУ ПРОГРАММАСЫ

**Даярдоонун багыты: 550300 – Филологиялык билим берүү**

**Даярдоонун профили: Англис тили жана адабияты**

**Бүтүрүүчүнүн квалификациясы: бакалавр**

**Окутуу формасы: күндүзгү**

**НАРЫН – 2025**

1. Жумушчу программа **Филологиялык билим берүү** багыты боюнча ЖКББ МББСнын талаптарына ылайык түзүлгөн.

2. Жумушчу программаны түздү:

«Чет тилдери» кафедрасынын окутуучусу ________________ (колу) Айдарова В.Ж.

3. "Чет тилдери" кафедрасынын 2025-жылдын «2» сентябрь №2 протоколу менен **ЖАКТЫРЫЛГАН**.

Кафедра башчысы, доцент ____________________ п.и.к.. ________________ (колу) п.и.к. Эгимбаева Ж.Б.

4. Филология факультетинин кенешинин отурумунда 2025-жылдын «3» сентябрь № 1 протоколу менен **ЖАКТЫРЫЛГАН**

Факультеттин деканы ________________ (колу) п.и.к. Таштанкулова Ж.Ж.

**МАЗМУНУ**

1.Аннотация ……………………………………………………………………....4

2. Дисциплинаны өздөштүрүүнүн максаты жана милдеттери………………...4

3. НББПнын түзүмүндөгү окуу дисциплинасынын орду……………………5

4. Дисциплинаны окутуунун билим берүү программасын өздөштүрүүнүн натыйжалары менен катнаштырылган мерчемделген натыйжалары…………6

5. Окуу дисциплинасынын мазмуну жана түзүмү………………………………9

5.1. Окуу дисциплинасынын түзүмү………………………………………......9

5.2. Окуу дисциплинасынын бөлүмдөрүнүн мазмуну……………………...10

5.3. Окуу дисциплинасынын мазмуну……………………………………….22

6. Билим берүү технологиялары……………………………………………..22

6.1. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу билим берүү технологиялары………………………………………………………………22

6.2. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу интерактивдүү билим берүү технологиялары………………………………………………………………22

7. Жетишүүнү күндөлүк текшерүүнүн, арадагы аттестациянын жана окуу дисциплинасында ишке ашырылуучу компетенцияларды баалоочу каражаттар ……………………………………………………………………23

8. Окуу дисциплинасы боюнча текшерүүчү-баалоочу ишмердүүлүктү уюштуруу………………………………………………………………...24

9. Калтырылган сабактарды кайра тапшыруунун түрлөрү жана формалары..27

10. Дисциплинанын окуу-усулдук жана маалыматтык камсыздоосу………..27

11. Окуу дисциплинасынын материалдык-техникалык камсыздоосу……….27

12. Окуу-усулдук камсыздоонун тизмеси…………………………………...27

# 1. АННОТАЦИЯ

«Үйрөтүлүп жаткан тилдин практикалык курсу 1, 2» дисциплинасы 550300 – Филологиялык билим берүү багытынын англис тили жана адабияты профилинин окуу планында кесиптик орун алган. Аны окутууга бөлүнгөн I жана II семестрдеги сааттардын жалпы саны – 210 аудиториялык сааттар – 112 саат, студенттин өз алдынча ишине 98 саат ажыратылган. Баары биригип 7 кредитти түзөт. Курс I жана II семестрлерде окутулат. Дисциплинанын кредиттердеги (зачеттук бирдиктердеги) өлчөмү, аудиториялык жана өз алдынча иштөөгө бөлүнгөн сааттарын көрсөтүү менен 1-жадыбалда келтирилген.

**1-жадыбал. Дисциплинанын жалпы эмгек сыйымдуулугу**

| Түрмөгү жана коду | Семестри | Эмгек сыйымдуулугу (кредити) | Бардыгы (сааттарда) | Аудиториялык иштин көлөмү (саат) | | | СӨИ | Аттестациялоо формасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Дарс | Прак. сабак | Лаб. иш | | |
| Б.1.3.10. | 1 | 4 | 120 | - | 64 | - | 56 | Экзамен |
| | 2 | 3 | 90 | - | 48 | - | 42 | Экзамен |

**Кыскача мазмуну:** Үйрөтүлүп жаткан тилдин практикалык курсу 1,2 предмети I курстун студенттерин туура окууга жана жазууга үйрөтүү үчүн, англис тилинде сүйлөмдөрдү туура түзүүгө, тыбыш белгилерин туура колдонууда жана сөздүк байлыкты өнүктүрүү менен бирге аларды колдонуу менен өзүнүн ойун жазуу жүзүндө ишке ашыруу формаларын айкындайт. «Үйрөтүлүп жаткан тилдин практикалык курсу» окуу дисциплинасы англис тилин өздөштүрүп жаткан студенттер негизги окуу адабияты катары English File pre-intermediate ресурсунда бөлүнгөн грамматика, окуу, жазуу, сүйлөө жана угуу бөлүмдөрүн ар түрдүү көнүгүүлөр аркылуу калыптандыра алышат. Жалпы жолунан китеп 12 бөлүмдөн туруп, ар бир бөлүм кичи 3 бөлүктөргө бөлүнгөн.

# 2. ДИСЦИПЛИНАНЫ ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**Курстун предмети** – үйрөнүлүп жаткан тилде туура окууга, жазууга, сүйлөөгө жана угуу көндүмдөрүн калыптандыруу менен өз ойлорун так, туура айтуусун практика жүзүндө ишке ашыруу.

**Дисциплинаны окутуунун максаты:** филолог-студенттерди англис тилинде туура жазуу жана окуу менен бирге, сөздөрдүн жана сүйлөмдөрдүн ордун туура колдонуу, тыныш белгилерди туура коюу, сүйлөмдөрдү түзүү тартибин жана англис тилинин грамматикасын өздөштүрүү, берилген тапшырмаларадын үстүндө иштөөдө ар кандай кыскача тексттер менен иштөөгө, угуу көнүгүүлөрүн аткаруу менен угуу көндүмдөрүн калыптандыруу максатында окутулат.

Программага ылайык анын негизги **милдеттери** төмөнкүлөрдөн турат:

– тил үйрөнүүдө англис тилинин маанилүүлүгүн окутуп-үйрөтүү;

– дисциплинада колдонулган ресурстагы материалдарды практика жүзүндө ишке ашыруу;
- тексттердин жардамы менен тапшырмаларды аткаруу жана грамматикага, сүйлөмдөрдүн орун тартибине жана тыныш белгилерди туура колдонууну талап кылуу;
- берилген грамматикалык формаларды эске алуу менен сүйлөмдөрдү түздүрүү;
- берилген тексттеги билбеген сөздөрдү англис тилинде синонимдерди колдонуп түшүндүрүү билимине ээ кылуу;
- студенттердин аткарган тапшырмаларын башка студенттер менен бөлүшүүгө үйрөтүү;
- аткарылган тапшырмаларга суроолорду бергенге көнүктүрүү;
- ситуация түзө билүүнү окутуп үйрөтүү;
- англис тилиндеги тексттерди эне тилине которуу;
-тексттерди кыскача баяндоого үйрөтүү;
- тексттин негизги өзөгүн табууга үйрөтүү;
- сүрөттөр менен иштөө көндүмдөрүн калыптандыруу;
- айрым бир сүйлөмдүрдү салыштыруу жана грамматикалык түзүлүштөрдү колдоно билүүнү үйрөтүү.

## 3. НББПНЫН ТҮЗҮМҮНДӨГҮ ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН ОРДУ

«Үйрөтүлүп жаткан тилдин практикалык курсу 1, 2 » 550300 – Филологиялык билим берүү багытынын англис тили жана адабияты профилинин окуу планынын өзгөрмөлүү бөлүгүндө орун алган. Курс студенттерге үйрөтүлүп жаткан тилде туура окууга жана жазууга, угуу менен аны кептик ишмердүүлүккө айландыруу, алардын максатка жетүүдө ар кыл көндүмдөрдү калыптандыруучу билим, билгичтик жана көндүмдөрдү калыптандырууга кызмат өтөөсүнүн ар кыл багыттарын бириктирүүчү дисциплина болуп саналат.

Дисциплинаны окуу планынын өзгөрмөлүү бөлүгүнө С. Нааматов атындагы НМУнун миссиясы, анын эмгек базары жана аймактык шарттар менен өз ара аракеттешүүсүнүн өзгөчөлүктөрү менен аныкталат, ал болсо курсту окуп-үйрөнүүдөн күтүлүүчү окутуунун натыйжаларынан жана студенттер ээ болуучу компетенциялардан көрүнөт.

Курсту жеткиликтүү өздөштүрүү үчүн студент кыргыз, орус тилдеринин грамматикасы, пунктуациясы жана тил илимине киришүү, адабият таанууга киришүү, кеп маданияты курсу боюнча билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болууга тийиш. Жогорку дисциплиналарды өткөн соң студенттерде калыптандырылууга тийиштүү компетенциялар 2-жадыбалда көрсөтүлдү

### 2-жадыбал. Дисциплинаны окуп-үйрөнүүгө чейин студенттерде калыптандырылган компетенциялар

| Коду | Дисциплинанын аталышы | Семестри | Эмгек сыйымдуулугу, кредиттерде | Калыптандырылган компетенциянын коду |
|---|---|---|---|---|
| Б.1.1.1 | Кыргыз (орус) тили | 1, 2, 3 | 8 | ШК-2<br>ШК-5 |
| Б.1.1.2 | Орус тили | 1, 2, 3 | 8 | ШК-2<br>ШК-5 |
| Б.1.1.3 | Чет тили (үйдөн окуу) | 1, 2 | 6 | КК-11<br>КК-13 |
| Б.3.6 | Тил илимине | 1 | 3 | ЖК-6, |

| | киришүү | | | СЖМК-4, КК-11 |
|---|---|---|---|---|

«Үйрөтүлүп жаткан тилдин практикалык курсу 1, 2» дисциплинасын окуп-үйрөнүү аягына чыккан соң студенттер англис тилинин грамматикасын үйрөнүү менен бирге туура сүйлөмдөрдү түзүүгө, сөздөрдү жана сүйлөмдөрдүн түрүн туура окууга, англис тилинде кыскача тексттерди же эсселерди түзүү, ар кыл темада талкуу жүргүзүү менен өз ойлорун ачык, кеңири баяндоого, грамматикалык эрежелерди толугу менен өздөштүрүү боюнча билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөргө ээ болушуп, мындан аркы англис тили боюнча атайын дисциплиналарды окуп улантууга даярдыктарды көрө алууга жетишет.

## 4. ДИСЦИПЛИНАНЫ ОКУТУУНУН БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ МЕНЕН КАТНАШТЫРЫЛГАН МЕРЧЕМДЕЛГЕН НАТЫЙЖАЛАРЫ

550300 – Филологиялык билим берүү багытынын англис тили жана адабияты профили боюнча даярдалган бакалавр НББПнын максат-милдеттерине жана ЖКББ МББСда көрсөтүлгөн кесиптик ишмердүүлүктүн милдеттерирне ылайык, жалпы илимий (ЖИК), шаймандык (ШК), социалдык-инсандык жана жалпы маданий (СИЖМК), кесиптик компетенцияларга ээ болууга тийиш. “Үйрөтүлүп жаткан тилдин практикалык курсу” окуу дисциплинасын өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялардын тизмеси 3-жадыбалда көрсөтүлгөн.

**3-жадыбал. Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялар**

| Коду | Компетенциянын мазмуну |
|---|---|
| **КК-14** | Ар кандай типтеги жана түрдөгү тексттерди талдоо, чечмелөө, иштеп чыгуу, түзүү жана өзгөртүү жолдорун жана ыкмаларын колдоно алат. |
| **КК-15** | Ар кандай типтеги тексттерди тилдик жана адабий көз караштан өз алдынча талдап, чечмелей алат |

Аталган дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында студенттерде калыптандырылуучу компетенциялар жана алардын түзүүчүлөрү 4-жадыбалда көрсөтүлгөн.

**4-жадыбал. Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялар жана алардын түзүүчүлөрү**

| Коду | Компетенциянын аталышы | Компетенциянын түзүүчүлөрү | |
|---|---|---|---|
| **КК-14** | Ар кандай типтеги жана түрдөгү тексттерди талдоо, чечмелөө, иштеп чыгуу, түзүү жана өзгөртүү жолдорун жана ыкмаларын колдоно алат. | Билет: | англис тилиндеги тексттердин түрлөрүн, аларды грамматикалык жактан талдоону, кыскача тексттерди түзүүнү жана трансформациялоо ыкмаларын билет. |
| | | Кыла алат: | тексттердин түрлөрүнө адабий жана грамматикалык талдоо жүргүзөт, тексттерди трансформациялоо ыкмаларын колдонуу менен чечмелей алат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Ээ болот | тексттердин ар кандай түрлөрүн талдоо, чечмелөө, иштетүү, түзүү жана трансформациялоо ыкмаларын колдонуу көндүмдөрүнө ээ. |
| **КК-15** | Ар кандай типтеги тексттерди тилдик жана адабий көз караштан өз алдынча талдап, чечмелей алат | Билет: | үйрөнүлүп жаткан тилдеги ар кандай типтеги тексттерди тилдик жана адабий көз караштан талдоо негиздерин билет. |
| | | Кыла алат: | ар кандай типтеги тексттерди өз алдынча талдап, чечмелей алат. |
| | | Ээ болот | тексттерди тилдик жана адабий жактан өз алдынча талдоо жана интерпретациялоо көндүмдөрүнө ээ. |

Дисциплинаны өздөштүрүү аяктаган соң студенттер ар бир компетенциялар боюнча конкреттүү күтүлүүчү натыйжаларга жетүүлөрү тийиш. Ар бир күтүлүүчү натыйжа конкреттүү көндүмдөрдү билүүнү, колдоно билүүнү, аларга ээ болууну камтыйт. Бул көрсөткүчтөр 5-жадыбалда чечмеленип берилди.

**5-жадыбал. Окуучунун дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялары**

| Компетенциянын коду жана аталышы | Компетенциянын түзүүчүлөрү | Калыптангандык деңгээлдери | Деңгээлдерди өздөштүрүүнүн негизги белгилери – дескрипторлор (натыйжага жетишүү көрсөткүчтөрү) |
|---|---|---|---|
| **КК-14 Ар кандай типтеги жана түрдөгү тексттерди талдоо, чечмелөө, иштеп чыгуу, түзүү жана өзгөртүү жолдорун жана ыкмаларын колдоно алат.** | Билет: | 1-деңгээл (баштапкы) | жөнөкөй тексттердин түрлөрүн жана негизги сөз айкаштарын билет. |
| | | 2-деңгээл (ортоңку) | тексттерди грамматикалык жана жөнөкөй адабий жактан талдоону билет. |
| | | 3-деңгээл (жыйынтыктоочу) | тексттерди терең талдоо, интерпретациялоо жана түзүү ыкмаларын билет. |
| | Кыла алат: | 1-деңгээл (баштапкы) | жөнөкөй тексттерди окуп түшүнөт жана үлгү боюнча түзө алат. |
| | | 2-деңгээл (ортоңку) | тексттерди талдап, өзгөртүп жана трансформациялай алат. |
| | | 3-деңгээл (жыйынтыктоочу) | ар кандай типтеги тексттерди түзөт, өзгөртөт жана интерпретациялай алат. |
| | Ээ болот: | 1-деңгээл (баштапкы) | баштапкы деңгээлде текст менен иштөө көндүмдөрүнө ээ. |
| | | 2-деңгээл (ортоңку) | тексттерди талдоо жана иштетүү көндүмдөрүнө ээ. |
| | | 3-деңгээл (жыйынтыктоочу) | тексттер менен профессионалдык деңгээлде иштөө көндүмдөрүнө ээ |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **КК-15 Ар кандай типтеги тексттерди тилдик жана адабий көз караштан өз алдынча талдап, чечмелей алат** | Билет: | 1-деңгээл (баштапкы) | жөнөкөй тексттерди түшүнүүнүн негиздерин билет. |
| | | 2-деңгээл (ортоңку) | тексттерди тилдик жана адабий жактан талдоону билет. |
| | | 3-деңгээл (жыйынтыктоочу) | тексттерди терең талдоо жана интерпретациялоо ыкмаларын билет. |
| | Кыла алат: | 1-деңгээл (баштапкы) | тексттин негизги маанисин аныктай алат. |
| | | 2-деңгээл (ортоңку) | тексттин мазмунун түшүндүрүп, негизги оюн аныктай алат. |
| | | 3-деңгээл (жыйынтыктоочу) | тексттерди өз алдынча талдап, жыйынтык чыгара алат. |
| | Ээ болот: | 1-деңгээл (баштапкы) | текстти баштапкы деңгээлде талдоо көндүмдөрүнө ээ |
| | | 2-деңгээл (ортоңку) | талдоо жана интерпретациялоо көндүмдөрүнө ээ. |
| | | 3-деңгээл (жыйынтыктоочу) | тилдик жана адабий анализ жүргүзүү боюнча туруктуу көндүмдөргө ээ. |

## 5. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН МАЗМУНУ ЖАНА ТҮЗҮМҮ

### 5.1. Окуу дисциплинасынын түзүмү

"Үйрөтүлүп жаткан тилдин практикалык курсу 1,2 " дисциплинасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу 6-жадыбалда көрсөтүлгөн.

**6-жадыбал. Дисциплинанын жалпы эмгек сыйымдуулугу**

| Дисциплиинанын коду | Семестри | Эмгек сыйымдуулугу, кредити | Аудиториялык иш, сааты | СӨИ, сааты | Бардыгы, сааттар | Отчеттуулук (зачет / экзамен) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Б.1.3.10. | 1-2 | 4+3 | 64+48 | 56+42 | 120+90 | экзамен |

### 5.2. Окуу дисциплинасынын бөлүмдөрүнүн мазмуну.

Дисциплинанын мазмунун чагылдыруучу, окуу иштеринин түрлөрү боюнча түзүмдөлгөн жана окуу планына ылайык алардын көлөмдөрүн көрсөткөн тематикалык план 8-жадыбалда берилген. Студенттерден мына ошол мазмунду толук өлчөмдө өздөштүрүү талап кылынат.

**8-жадыбал. «Үйрөтүлүп жаткан тилдин практикалык курсу 1,2 » дисциплинасы боюнча окуу-тематикалык план**

| Прак (сем) сабактын №___ | Сабактын аталышы жана кыскача мазмуну | Сабактын мүнөзү жана максаты | Сааттын саны | Үй тапшырмасы |
|---|---|---|---|---|

| I semester | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Unit 1. Where are you from? | Word order in questions. Common verb phrases, spelling and numbers. Суроолуу сүйлөмдөрдүн ордун туура коюууга үйрөнүү. | 4 саат | Exercise 1b, 2c. p. 100<br>Exercise 1A, 1B, 1C p.127 |
| | | IWS: About yourself or any other person that you know better. (photos or booklet) | 4 саат | |
| 2. | Unit 1.B. Charlotte’s choice | Present simple tense, describing people: appearance and personality, final –s/-es. Адамдардын сырткы келбети, алардын кандай жумуштарды аткара тургандыгын баяндоого үйрөтүү менен 3-жак жекелик санда суффикстин уланую эрежесин үйрөнүү | 6 саат | The text “who knows you better your mother or your best friend?”<br>Describing people from teacher’s book p. 248 |
| | | IWS: Describing appearance with pictures. (find out more adjective words to compare or descibe) | 4 саат | |
| 3 | Unit 1 C. Mr and Mrs Clark and Percy | Present Continuous tense, prepositions of time and places: at, in, on.<br>Clothes.<br>Предлогдордун ордун билүү менен кийимдердин аттарын үйрөнүү. | 4 саат | Describe and draw A. p.100 S.B.<br>Things you wear p/ 151 S.B.<br>Exersice 1C p. 249 T.B |
| | | IWS: Present Simple and Present Continuous (presentation) | 6 саат | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 4 | Unit 2 A. Right place, wrong person. | Past simple, past continuous tense кайталоо менен туура жана туура эмес этиштерди кайталоо, чактардын ээрчишүү эрежелерин билүү менен көнүгүүлөрдү аткаруу. | 4 саат | The text “The place is perfect, the weather is wonderful, …” p.12 S.B. Exercise 1 p. 152 S.B |
| | | IWS: Past Simple and Past Coninuous Tense (Presentation) | 4 саат | |
| 5 | B. The story behind the photo. | Past continuous tense, prepositions of place, sentence stress. Орунду көрсөтүүчү предлогдорду кайталоо жана сүйлөмдөгү басымдарды туура белгилөөгө көнүгүү. | 4 саат | The text “a moment in history” p.14 S.B. Exercises from work book 2B. 2B. p.251 T.B. |
| | | IWS: Prepositions of English language. Describing any picture or art of a famouse artist (booklet or presentation) | 4 саат | |
| 6 | C.One dark October evening. | Time sequences and connectors, verb prases. Чактардын ээрчишүү эрежелерин үйрөнүү менен этиштердин түрлөрүн үйрөнүү. | 4 саат | The text “One dark October night” p.16 S.B. Communicative 2C p. 214 T.B. |
| | | IWS: Past Continuous Tense (presentation) | 4 саат | |
| 7 | Revise and check | Өтүлгөн темаларды кайталоо ирээтинде көнүгүүлөрдү иштөө | 6 саат | Кайталоо |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | IWS: About my friend. (Slide show with photos) | 4 Саат | |
| **I module** | | | | |
| 8 | Unit 3 A. Plans and dreams. | Be going to (plans and predictions) конструкциясы менен таанышуу, алдын ала пландарды коюуну конструкциянын жардамы менен эрежени сактоо менен аткарууга көнүгүү. | 4 саат | Top Airports текстинин жардамы аэропорттун түрлөрү андагы белгилердин аталыштарын үйрөнүү, тааныш эмес сөздөрдүн үстүндө иштөө жана to be going to do something конструкциясынын жардамы менен сүйлөмдөрдү түзүүгө көнүгүү.<br>What are your plans? 3A p. 107 S.B.<br>3A p.215 T.B. |
| | | IWS: My dream place where I want to be (essay)<br>Top airports of the world (presentation) | 4 саат | |
| 9 | B. Let's meet again. | Present Continuous (future arrangements), verbs + prepositions.<br>Келээр чактагы сүйлөшүүлөрдү жана пландардын аткарылышы жөнүндө талкууга үйрөнүү. Форманы сактоо менен сүйлөмдөрдү түзүү. Предлог менен катар келген этиштерди үйрөнүү. | 4 саат | Reading exercise p.22 S.B. grammar bank p.131 S.B.<br>Communicative exercise 3B p. 216 T.B.<br>Vocabulary p.252 T.B.<br>Exercise 3B p.130 S.B<br>3B. grammar exercise p. 169 T.B. |
| | | IWS: My dream (what do I want to do in the future, describing plans) | 4 саат | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 10 | C. What is the word? | Defining the relative clauses, expressions for paraphrasing: like, for, example etc., sunding friendly. | 6 саат | Exercise 3C p. 130-131 S.B<br>The text “900 new words in 3 months” p. 25 S.B.<br>Communicative “Can you explain the word?” p.217 T.B.<br>Defining relative clause 3C p. 170 T.B. |
| | | IWS: The main rules of learning English language (internet resourse) | 4 саат | |
| 11 | Practical English | Episode2 Restaurant problems | 4 саат | Listening Exercises p. 26 S.B. |
| 12 | Unit 4 A. Parents and teenagers. | Present Perfect+yet, just, already, housework make or do? Болуп бүткөн учур чактын эрежеси менен таанышуу менен бирге анын форма аркылуу түзүлүшүн үйрөнүү, make жана do сөздөрүнүн колдонулуу тартибин катыштыруу менен сүйлөмдөрдү түзүүгө көнүгүү. | 4 саат | Reading exercise p.28 S.B.<br>Grammar bank exercise p.133 S.b.<br>House work make or do p. 154 S.B<br>Granmar exercise p. 171 T.B.<br>Vocabulary p.253 T.B. |
| | | IWS: Present Perfect Tense (Difference between Past Simple-presentation) | 6 саат | |
| 13 | B. Fashion and shopping | Present perfect жана past Simple чактарынны айрымачылыктары н үйрөнүү менен айрымалоо эрежелерин колдонуу жана кайталоо жүргүзүү. Shopping темасында талкууга үйрөнүү. | 4 саат | The text “The style interview”<br>Grammar exercise 4A p. 133 S.B.<br>Vocabulary exercise p. 155 S.B.<br>Grammar exercise p. 172 T.B.<br>Vocabulary exercise p.254 T.B |
| | | IWS: Shopping (types of goods-presentation or | 4 саат | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | booklet) | | |
| 14 | C. Lost weekend | Something, anything, nothing белгисиз ат атоочтор менен таанышуу жана аларды колдонуу менен көнүгүүүлөрдү кылуу. –ed, -ing мүчөлөрү улануу менен жасалган сын атоочтор менен таанышуу. | 4 саат | The text “What did you really do at the weekend?” p. 33 S.B.<br>Grammar exercise p. 173 T.B.<br>Communicative exercise 4C p.220 T.B.<br>Grammar exercise 4C p. 132 S.B. |
| | | IWS: My weekend (eassay) | 6 саат | |
| 15 | Revise and check | Өтүлгөн темаларды кайталоо менен бирге көнүгүүлөрдү аткаруу. | 4 саат | review |
| | | **II module**<br>**II semester** | | |
| 1 | Unit 5 A. No time for anything | Comparative adjcetives and adverbs, as…as., time expressions Сын атоочтун жана тактоочтун салыштырма даража эрежелерин калыптандыруу менен көнүгүүлөрдү аткаруу, убакытты билдирүүчү сөздөрдү үйрөнүү. | 2 саат | The text “We’re living faster, but are we living better?” p. 36 S.B.<br>Grammar exercise 5A p. 135 S.B.<br>Comminicative exercise p. 221 T.B.<br>Grammar exercise p.174 T.B.<br>What is it like? Exercise p. 156 S.B. |
| | | IWS: Degrees of comparison of adjectives (presentation) | 2 саат | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2 | B. Superlative cities | Сын атоочтун жана тактоочтун күчөтмө даражасынын эрежелери менен таанышуу, (+ever+present perfect) конструкциясы аркылуу көнүгүүлөрдү аткаруу. | 2 саат | The text "all capital cities are unfriendly – or are they?" p.39 S.B.<br>Grammar exercise p.135 S.B.<br>Grammar exercise p. 175 T.B. Communicative exercise p.222 T.B.<br>Exercises from work book<br>Vocabulary exercise p. 255 T.B. |
| | | IWS:Present Perfect (presentation) | 2 саат | |
| 3 | C. How much is too much? | Quantifiers, too, not enough. Салыштырууда сөздөрдү колдонуу тартибин үйрөнүү. | 2 саат | The text "Everything bad is good for you" p. 40 S.B.<br>Communicative exercise p.223 T.B.<br>Grammar exercise p.176 T.B.<br>Grammar exercise p. 135 S.B.<br>Opposite verbs p. 157 S.B. |
| | | IWS: Everything bad is good for you (essay) | 2 саат | |
| 4 | Practical English | Episode 3. The wrong shoes | 2 саат | Listening exercise p. 43 S.B. |
| 5 | Unit 6 A. Are you a pessimist? | Will/won't жардамчы этиштеринин колдонулушу жана алардын катышуусу менен көнүгүүлөрдү аткаруу. Этиштердин антонимдери менен таанышуу. | 2 саат | The text "A pessimist plays a pessimist"<br>Grammar exercise p. 137 S.B.<br>Communicative exerecise p. 224 T.B.<br>Grammar exercise p. 177 T.B.<br>Vocabulary exercise p. 256 T.B. |
| | | IWS: Pessimist and optimist people (describing people with adjective words) | 2 саат | |
| 6 | B. I'll never forget you | Will/won't сөздөрүнүн чечкиндүү болууга умтулуу, сөз берүү маанилеринде колдонулушу. | 2 саат | The text "I'll never forget you" p. 47 S.B.<br>Grammar exercise p. 137 S.B.<br>Grammar exercise p. 178 T.B. |
| | | IWS: The past thing | 2 саат | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | that I never forget (eassay using Past Simple) | | |
| 7 | C. The meaning of dreaming | Чактарды кайталоо, сын атооч+предлог конструкциясынын колдонулууу тартибин үйрөнүү менен сүйлөмдөрдү түзүүгө көнүгүү. | 2 саат | Grammar exercise p. 136 S.B.<br>Communication p. 103, 108 S.B.<br>Grammar exercise p. 179 T.B.<br>Communicative talk about it p. 226 T.B |
| | | IWS: Grammar exercises from the book (exercise copy-book) | 2 саат | |
| 8 | Revise and check | Өтүлгөн темаларды кайталоо менен бирге көнүгүүлөрдү аткаруу.<br>2 саат | 2 саат | Кайталоо |
| 8 | Unit7 A. How to… | То инфинитвинин колдонулуу тартибин үйрөнүү, инфинитивдин этиштердин колдонулушу боюнча көнүгүүлөрдү аткаруу. | 2 саат | The text “How to… Survive meeting Your girlfriend’s parents for the First Time” p. 53 S.B.<br>Grammar exercise p. 138 S.B.<br>Verb forms p. 158 S.B.<br>Exercise p.227 T.B.<br>Grammar exercise p. 180 T.B. |
| | | IWS: the role of books in our life (essay) | 2 саат | |
| 9 | B. Being happy | Герундий формалары менен таанышуу, (-Ing) мүчөсүнү11н ролужана аг карата берилген көнүгүүлөрдү иштөө. | 2 саат | The text “Happiness is” p. 55 S.B.<br>Vocabulary Bank Verb forms p. 158 S.B. Grammar exercise p. 138 S. B<br>Grammar exercise p. 181 T.B. Find someone who p. 228 T.B.<br>Vocabulary exercise p. 257 T.B. |
| | | IWS: My hobby (presentation) | 2 саат | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 10 | C. Learn a language in a month! | Англис тилиндеги модалдык этиштер менен таанышуу жана көнүгуүүлөрдү иштөө. Have to/ don't have to/ must/ musn't | 2 саат | The text "I'll survive or will I?" p. 57 S.B.<br>Grammar exercise p. 138 S.B.<br>Communicative "in the UK" p. 229 T.B.<br>Grammar exercise p. 182 T.B. |
| | | IWS: Modal verbs (booklet) | 2 саат | |
| 11 | Practical English | Episode 4 At the pharmacy | 2 саат | Listening exercise p.58-59 |
| 12 | Unit 8 A. I don't know what to do! | Should модалдык этиши менен тааныштыруу жана аларды колдонуу тартибин үйрөнүү. | 2 саат | The text "Too macho to talk" p. 60 S.B.<br>Grammar exercise p. 61 S.B.<br>Vocabulary bank "get" p. 159 S.B.<br>Grammar exercise p. 183 T.B.<br>Communicative p.230 T.B.<br>Vocabulary p. 258 T.B. |
| | | IWS: List of irregular verbs (list) | 2 саат | |
| 13 | B. If something can go wrong… | If+present, will+ infinitive (I conditionals) абалды туюнтуучу сүйлөмдө рдү берилген формага салуу менен көнүгүүлөрдү аткаруу. | 2 саат | The text "It always happens!" p. 62 S.B.<br>Grammar bank p. 140 S.B.<br>Vocabulary bank – confusing verbs p. 63 S.B.<br>Vocabulary p. 259 T.B. Communicative p. 231 T.B.<br>Grammar exercise p. 184 T.B. |
| | | IWS: I conditional sentences (Table ad form of the grammar rule) (poster presentation) | 2 саат | |
| 14 | C. You must be mine | Таандык ат атоочтор менен таанышуу, адамдардын кулк мүнөзүнө тиешелүү тактоочтор менен таанышуу, аларга карата берилген көнүгүүлөрдү аткаруу. | 2 саат | The text "Girl" p. 64-64 S.B.<br>Grammar exercise p. 140 S.B.<br><br>Grammar exercise p. 185 T.B.<br>Communicative exercise p. 232 T.B. Vocabulary p. 259 T.B. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | IWS: emotions with pictures (booklet) | 4 саат | |
| 15 | Revise and check | Өтүлгөн материалдарды кайталоо ирээтинде көнүгүүлөрдү аткаруу. | 2 саат | кайталоо |
| | | IWS: grammar revise, tenses of English language (copy-book exercise) | 2 саат | |
| **I module** | | | | |
| 16 | Unit 9 A. What wouold you do? | (If+past, would+infinitive) түзүлүшүн колдонуп 2 абалдуу сүйлөмдөрдү түзүү жана көнүгүүлөрдү аткаруу. Жаныбарлар жөнүндө сүйлөшүү. | 2 саат | The text “Would you know what to do?” p. 69 S.B. Grammar bank p. 142 S.B. Vocabulary bank p. 161 S.B Vocabulary exercise p. 260 T.B. Grammar exercise p. 186 T.B. |
| | | IWS: Animals – wild and domastic (booklet) | 2 саат | |
| 17 | B. I’ve been afraid of it for years. | Present perfect чагын for жана since орун тактоочтор менен колдонулушун үйрөнүү, көнүгүүлөрдү аткаруу. Коркунучту жараткан жана ага байланышкан сөздөр менен таанышуу. | 2 саат | The text “Scared of spiders? Take this pill” p. 71 S.B. Grammar exercise p. 142 S.B. Grammar exercise p. 187 T.B. Communicative exercise p. 234 T.B. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | IWS: Scared things (essay) | 2 саат | |
| 18 | C. Born to sing | Present perfect жана past simple чактарынын айрымачылыктарын белгилөө жана көнүгүүлөрдү аткаруу. Адамдардын биографиясы менен таанышуу жана талкуу кылууга көнүгүү. | 2 саат | The text “Like father like son” p. 72 S.B.<br>Grammar bank p. 142 S.B.<br>Communicative exercise p. 235 T.B.<br>Grammar exercise p. 188 T.B.<br>Exercises on workbook |
| | | IWS: Biography of a famouse person (Ideal person-presentation) | 2 саат | |
| 19 | Practical English | Episode 5 Getting around | 2 саат | Listening exercises p. 74-74 S.B. |
| | | IWS: Grammar revision (copy-book exercise) | 2 саат | |
| 20 | Unit 10 A. The mothers of invention | Илимий иштерди аткаруу жана жасоого байланышкан сөздөрдү үйрөнүү менен көнүгүүлөрдү аткаруу. Мис. Invent, discover ж.б. Төл жана бөтөн сөздүн эрежелерин үйрөнүү менен сүйлөмдөрдү түзүүгө көнүгүү | 2 саат | The text “Did you know?” p. 77 S.B..<br>Grammar bank p. 144 S.B.<br>Communication p. 105-109 S.B.<br>Grammar exercise p. 189 T.B.<br>Communicative exercise p. 236 T.B. |
| | | IWS: Inventors and explorers (booklet) | 2 саат | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 21 | B. Could do better | Used to тутумунун грамматикалык эрежеси менен таанышуу, көнүгүүлөрдү аткаруу, мурунку учурда жасаган нерселерин азыр жасабасын сүрөттөөгө көнүгүү. | 2 саат | Grammar bank p. 144 S.B.<br>Grammar exercise p. 190 T.B.<br>Communicative p. 237 T.B. |
| | | IWS: My childhood (using with the construction – Used to) (presentation or poster presentation) | 2 саат | |
| 22 | C. Mr Indecisive | Might модалдык этиши менен таанышуу, ат атоочтордун жасалуу ордун үйрөнүү, дифтонгор менен таанышуу жана көнүгүүлөрдү аткаруу. | 2 саат | The text “Is too much choice making us unhappy?” p. 81 S.B.<br>Grammar bank p. 144 S.B.<br>Communicative p. 237 T.B.<br>Grammar exercise p. 190 T.B.<br>Exercises on workbook |
| | | IWS: The reasons of making happy and unhappy people (essay) | 4 саат | |
| 23 | Revise and check | Өтүлгөн материалдарды кайталоо ирээтинде көнүгүүлөрдү аткаруу. | 2 саат | кайталоо |
| | | IWS: grammar exercise copy-book | 2 саат | |
| 24 | Unit 11 A. Bad losers | Орунду көрсөтүүчү сөздөр менен таанышуу, спорт жөнүндө талкуу кылуу ага карата көнүгүүлөрдү аткаруу. | 2 саат | The text “bad losers?” p. 85 S.B.<br>Grammar bank p. 146 S.B.<br>Communicative p. 239 T.B.<br>Vocabulary p. 261 T.B.<br>Grammar exercise p. 192 T.B. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 25 | B. Are you a morning person? | Phrasal verbs-предлогдор менен колдонулган этиштер жөнүндө түшүнүк жана көнүгүүлөрдү аткаруу. | 2 саат | The text "Early bird" p. 86 S.B.<br>Vocabulary bank p. 163 S.B.<br>Grammar bank p. 146 S.B.<br>Grammar exercise p. 193 T.B.<br>Communicative p. 240 T.B.<br>Vocabulary Phrasal verb p. 262 T.B. |
| | | IWS: Phrasal verbs (poster presentation) | 2 саат | |
| 26 | C. What a coincidence? | So, neither+auxiliaries белгисиз ат атоочтордун орду жана аларга карата берилген эрежелер менен таанышуу, көнүгүүлөрдү аткаруу. | 4 саат | The text "I'm Jim, So am I" p.88 S.B.<br>Grammar bank p. 146 S.B.<br>Communicative exercise p. 241 T.B.<br>Grammar exercise p. 194 T.B. |
| | | IWS: Auxiliary verbs of English language (presentation) | 2 Саат | |
| 27 | Practical English | Episode 6 Time to go home | 2 саат | Listening exercises p.91 S.B. |
| 28 | Unit 12 A. Strange but true! | Past Perfect, verb phrases, contractions: had/hadn't | 2 саат | The text "News round the world" p. 92 S.B.<br>Grammar bank p. 148 S.B.<br>Grammar exercise p. 195 T.B.<br>Communicative p. 242 T.B. |
| | | IWS: Past Perfect (presentation) | 2 саат | |
| 30 | B. Gossip is good for you | Reported speech, say or tell, double consonants. | 2 саат | The text "Here is secret: gossip might be good for you" p. 95 S.B.<br>Grammar bank p. 148 S.B.<br>Communicative p. 242 T.B.<br>Grammar exercise p. 196 T.B. |
| | | IWS: Top secrets of being happy person (motivational information from Internet) (short essay) | 2 саат | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 31 | C. The English File quiz | Questions without auxiliaries | 2 саат | The text “English File Quiz” p. 96 S.B.<br>Grammar bank p. 148 S.B.<br>Grammar exercise p. 197 T.B.<br>Communicative p. 244 T.B. |
| | | IWS: Types of questions (poster presentation) | 2 саат | |
| 32 | Revise and check | Өтүлгөн материалдарды кайталоо ирээтинде көнүгүүлөрдү аткаруу. | 2 саат | Кайталоо |
| **II module** | | | | |

**5.3. Окуу дисциплинасынын мазмуну.**

«Үйрөтүлүп жаткан тилдин практикалык курсу» дисциплинасынын мазмуну 8-жадыбалда чечмеленип берилди.

## 6. БИЛИМ БЕРҮҮ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

### 6.1. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу билим берүү технологиялары

«Үйрөтүлүп жаткан тилдин практикалык курсу 1.2.» дисциплинасын өтүүдө аудиториялык сабактарда негизинен практикалык сабактар орун алат. Практикалык сабактардын негизги милдети – студенттерди англис тилинде туура жазууга жана окууга болгон билимдер, ж.о.э. сүйлөө жана угуу көндүмдөрүн калптандыруу менен студенттердин англис тили билим деңгээлдерин көтөрүү үчүн берилген көнүгүүлөрдүн үстүндө иштөө иш аракеттери менен айкалышат. Студенттер өз ара ар кыл темадагы кыскача тектсттерди окуу менен бирге, аларды талдоо, грамматикасын үйрөнүү, текст боюнча берилген көнүгүүлөрдү оозеки жана жазуу түрүндө аткарышат. Ар кыл текстке карата берилген суроолордун үстүндө иштөө жана студенттердин бири-бирине суроолорду даярдоо, китептеги ар түрдүү көнүгүүлөрдү аткаруу менен аларды окуу жана башка студенттер аткарган тапшырмаларды угуу менен талкуу жүргүзүү, каталарды табуу, суроолорго жооп берүү, каталардын үстүндө иштөө менен бирге кыскача параграфты андан ары өркүндөтүп толуктоо киргизүү менен практикалык сабакты аткарышат. Окутуучу студенттердин ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн активдештирүү, тексттеги жаңы сөздөрдү түшүндүрүү, текстти кластерлөө менен талдоо, жалпылоо, өзгөчөлүктөрүн айкындоо билгичтиктери менен көндүмдөрүн калыптандыруу милдетин астыга коёт.

### 6.2. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу интерактивдүү билим берүү технологиялары

Практикалык сабактар англис тилинин базалык билимине ээ болуу менен бирге, ал тилде туура жазууга, окууга жана сүйлөөгө болгон практикалык мүнөздөгү активдүүлүктөрдү камтыйт. Сабакта көнүгүүлөрдү иштөөдө жана аткарууда студенттер өз алдынча иштөөнү алдыга коёт. Практикалык сабактар окутуунун интерактивдүү формаларын колдонуу менен өткөрүлөт, бул студенттерге англис тилин үйрөнүүдө кызыгууну пайда кылуу менен бирге ал тилде эркин сүйлөөгө, жазууга жана туура окууга жол ачат.

Аргументтүү эссе – аргументацияны камтыган жазуу иши, мында автор берилген кыскача параграфты андан ары өркүндөтөт жана толуктайт.

Ассоциативдүү жазуу – иштелген, өтүлгөн тексттин, сабактын темасы боюнча эркин, үзгүлтүксүз жазуу жана аларды талкуулоо. Ошону менен бирге сөздөрдү, фразаларды үйрөнүү менен, сүйлөмдөрдү туура жазуу жана грамматикалык эрежелерге таянуу аркылуу ишке ашырылат.

«Биргелешип издөө» дискуссиясы – окутуучу күн мурун камдаган суроолордун жардамы менен студенттердин тема, проблема же текст боюнча түшүнүктөрүн тереңдетүү максатында талкуу жүргүзүү. Ага карата түзүлгөн суроолордун жардамы менен талдоо жасоону болжойт.

Венндин диаграммасы – бири бири менен кесилишкен айлана түрүндөгү схема, ал фактыларды, көрүнүштөрдү, идеяларды салыштыруу үчүн колдонулат. Схема айырмаларды да, окшоштуктарды да аныктоого жардамдашат. Бул интерактивдуу технологияны студенттер тарабынан түзүлгөн кыскача параграфтардагы идеяларды салыштыруу ирээтинде колдонсок болот.

Дискуссия – туура ыкмаларды гана колдонуп, акыйкаттыкка жетүүгө багытталган талаш. Бул тематикалык жана формасы корректтүү полемика. Анын максаты түрдүү көз караштарды кароо, акыйкаттыкты издөө, табуу болуп саналат.

Жуптарда иштөө –көнүгүүлөрдү жуп-жуп болуп иштөө. Тайпада иштөөнүн бир бөлүгү, этабы болуп саналат.

Кайчылаш дискуссия – эки ача суроонун негизинде, эки тараптын өз аргументтерин (жүйөөлөрүн) кезек менен келтирүүсү түрүндө так уюштурулган дискуссия.

Кичи топтордо иштөө – үч-жети кишиден турган топторго биригип, бир максатты көздөп, баарлашууда, көнүгүүлөрдү аткарууда, жазуу иштерин аткарууда жана биргелешкен ишмердүүлүктө кызыкчылыктары менен керектөөлөрү окшош болгон окуу иш-аракети. Белгилүү бир ишти аткаруу үчүн бир нече адамдын биригүүсү менен жүзөгө ашат.

Кластер- канрдайдыр бир теманын чачыранды түрдө түшүндүрмөлөнүшү. Тексттердеги негизги теманы кластерлөө, жазуу жүзүндө ашыруу жана туура жазуу.

РАФТ – студенттерди «Роль-Аудитория-Форма-Тема» жол-жобосу аркылуу өткөрүүнү болжогон чыгармачыл жазуу ишинин түрү.

Ротация усулу менен пикир алмашуу – чогуу иштөөнүн стратегиясы, дискуссиянын бир түрү, сүрөттөр менен иштөө жана аларга суроолорду берүү менен студенттердин билимдерин текшерүү.

Т-схема – кыскача тексттердеги жана параграфтагы оң жана терс маалыматтардын берилишин белгилөө, жаккан жана жакпаган нерселерин жазуу жүзүндө көрсөтүүгө жана аларды туура окууга багытталат.

Эссе – берилген конкреттүү тема боюнча же суроттор боюнча жекече таасирлер менен пикирлерди чагылтуучу, грамматикалык эрежелерди туура колдонуу менен көлөмү чакан жана композициясы эркин параграфтарды түзүү.

Окуу дисциплинасынын аудиториялык сабактарында интерактивдүү формада өтүлүүчү сааттардын жалпы үлүшү 69%ды түзөт.

## 7. ЖЕТИШҮҮНҮ КҮНДӨЛҮК ТЕКШЕРҮҮНҮН, АРАДАГЫ АТТЕСТАЦИЯНЫН ЖАНА ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНДА ИШКЕ АШЫРЫЛУУЧУ КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫН БААЛООЧУ КАРАЖАТТАРЫ

550300 – Филологиялык билим берүү багытынын ЖКББ МББСнын талаптарына ылайык студенттердин жекече жетишүүсүнүн дисциплина боюнча мерчемделген окутуунун натыйжаларына ылайыктыгын аттестациялоо үчүн баалоочу каражаттардын

себили түзүлгөн (1-тиркеме). Ага 1-2-модулдун (арадагы аттестациянын, зачеттун) суроолору, ошол суроолор боюнча түзүлгөн тесттер кирет.

## 8. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫ БОЮНЧА ТЕКШЕРҮҮЧҮ-БААЛООЧУ ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮ УЮШТУРУУ

Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжаларын текшерүү жана баалоо окутуучу тарабынан практикалык сабактарды өтүү, ошондой эле студенттердин өз алдынча иштерди аткаруу, модулдук текшерүү, арадагы аттестация (зачет) жараянында жүзөгө ашырылат. Практикалык сабактардын мазмуну боюнча ар бир практикалык сабакта оозеки сурамжылоо (күндөлүк текшерүү) жүргүзүлүп, студенттердин оозеки жооптору салттуу шкалада да, упайлык шкалада да бааланат (мисалы, “эң жакшы” – 90-100 упай, “жакшы” – 80-89 упай, “орто” – 60-79 упай, “жаман” – 0-59 упай). Модулдук текшерүү жана арадагы аттестация (зачет) оозеки формада өткөрүлүп, ал үчүн үч суроодон турган билеттер даярдалат. Билеттер теориялык маселелерди да, практикалык мүнөздөгү тапшырмаларды да камтышат. Студенттердин билеттердин суроолоруна берген жооптору салттуу шкалада да, упайлык шкалада да бааланат (мисалы, “эң жакшы” – 90-100 упай, “жакшы” – 80-89 упай, “орто” – 60-79 упай, “жаман” – 0-59 упай). Студенттердин практикалык сабактардан жана эки модулдан топтогон упайлары жыйынтыктоочу бааны коюу үчүн жетиштүү болсо, алар арадагы аттестациядан (зачеттон) бошотулат.

| **Окутуунун натыйжалары (өздөштүрүлгөн билимдер, билгичтиктер, көндүмдөр)** | **Окутуунун натыйжаларын баалоонун формалары жана усулдары** |
|---|---|
| Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында студент билүүгө тийиш:<br>- туура окуганга;<br>- сөздөрдүн айтылышын жана жазылышын билгенге;<br>- грамматиканы айрымалап, чактарды салыштыра билгенге;<br>- чактардын формаларын туура колдонго;<br>- диаграмманы туура толтурууга;<br>- тексттин негизги маанисин түшүнүүгө;<br>- тексттин негизги мааниси жөнүндө өз ойун жалпылап айтып берүүгө;<br>-угуу көнүгүүсүн туура аткаруу;<br>- башка студенттердин жазган тапшырмаларын текшерип, өз ойун айта алууга;<br>- сүрөткө карай оозеки жана жазуу тапшырмаларын аткаруу көндүмдөрүнө. | Практикалык сабак үчүн жумушчу дептерди текшерүү жана аны баалоо<br><br>Күнүмдүк практикалык сабактарда студенттерди оозеки жана жазуу жүзүндө сурамжылоолор (көнүгүү үчүн дептерлерин текшерүү) аркылуу билимдерди баалоо<br><br>Берилген сүрөт тапшырмаларга карай кыскача эсселерди жана параграфтарды түзүүдө студенттердин грамматикалык эрежелерди туура колдонуп аткаруу формаларын баалоо<br><br>Берилген грамматикалык көнүүлөрдү аткаруу дептерлерин текшерүү жана грамматикалык эрежелер конспектисин текшерүү менен |

| | |
|---|---|
| | баалоо.<br><br>Студенттердин өз алдынча иштөөсүнүн («Биргелешип издөө» дискуссиясы, дискуссия, жуптарда иштөө, кайчылаш дискуссия, кичи топтордо иштөө) формаларын баалоо<br><br>Дисциплина боюнча практикалык сабактарда жана СӨИ катары аткарылган ар кыл жазуу иштерин ( параграф түзүү, эссе, кластер түзүү, аргументтүү эссе, ассоциативдүү жазуу, баяндама, Венндин диаграммасы, РАФТ, реферат, ротация, түрдүү булактар боюнча баяндама, Т-схема,) текшерүү жана баалоо<br><br>Түзүлгөн тест боюнча оозеки формада модулдук текшерүү жана арадагы аттестация (зачет) өткөрүү жана алардын натыйжаларын баалоо |

**10-жадыбал. Студенттин дисциплина боюнча модулдагы, баа коюлуучу зачеттогу (экзамендеги) жоопторун баалоо**

| **Модулдун баа коюлуучу зачеттун (экзамендин) баасы** | | **Билимдерге, жазуу жана окуу иштеринин (өз алдынча иштин) аткарылыш деңгээлине коюлуучу талаптар** |
|---|---|---|
| **Упайлар менен** | **Салттуу шкалада** | |
| 90 - 100 | 5 – «эң жакшы» | «Эң жакшы» деген баа студентке, эгер ал программанын материалын терең жана чың өздөштүрсө, берилген тапшырмаларды грамматикалык эрежелерге таянып туура так аткарса, кыскача тексттерге карата тапшырмаларды жазуу жүзүндө туура аткарса жана аларды оозеки так чагылдырса, кыскача параграфтарды түзө алса, өтүлгөн тема боюнча суроолорго так жооп бере алса, тексттеги жаңы сөздөрдүн маанилерин билсе жана ал сөздөрдү оозеки жана жазуу тапшырмаларында колдонсо, сүрөттөргө карай кыскача параграфтарды түзө билсе, практикалык тапшырмаларды аткаруунун ар тараптуу көндүмдөрү |

| | | |
|---|---|---|
| | | менен ыкмаларына ээ болсо, жазуу иштеринде 1 мазмундук так эместик, 1-2 кептик так эместик учураса, 1 орфографиялык, же 1 пунктуациялык, же 1 грамматикалык ката кетсе коюлат. Баа коюуда окуу дисциплинасына ылайык келүүчү компетенциялардын калыптангандыгы эске алынат. |
| 80 - 89 | 4 – «жакшы» | «Жакшы» деген баа студентке, эгер ал материалды бекем билсе, аны сабаттуу жана мазмундуу жазуу жүзүндө баяндаса, суроого жооп бере алса, грамматикалык эрежелерди так колдонуу менен бир аз каталарды кетирсе да, татаал сөздөрдү туура жазса жана ар турдуу жазуу жана окуу көнүгүүлөрүн бир, эки ката кетирсе, жазуу жана окуу иштеринде 2 мазмундук так эместик, 3-4 кептик так эместик учураса, 2 орфографиялык жана 2 пунктуациялык, же 1 орфографиялык жана 3 пунктуациялык, же 4 пунктуациялык жана 2 грамматикалык ката кетсе коюлат. Баа коюуда окуу дисциплинасына ылайык келүүчү компетенциялардын калыптангандыгы эске алынат. |
| 60 - 79 | 3 – «орто» | «Орто» деген баа студентке, эгер ал берилген тексттерди түшүнүп, бирок грамматикалык эрежелерди туура колдонуу менен жазуу жана окуу иштеринде ката кетирсе, кыскача параграфты түзүүдө кыйынчылыктарды башынан кечирсе, өтүлгөн темалар боюнча берилген суроолорго так жооп бере албаса, сүрөттөргө карай параграфтарды толук түзө албаса, жазуу иштеринде 4 мазмундук так эместик, 5 кептик так эместик учураса, 4 орфографиялык жана 4 пунктуациялык, же 3 орфографиялык жана 5 пунктуациялык, же 7 пунктуациялык жана 4 грамматикалык ката кетсе коюлат. Баа коюуда окуу дисциплинасына ылайык келүүчү компетенциялардын калыптангандыгы эске алынат. |
| 0 - 59 | 2 – «жаман» | «Жаман» деген баа студентке, эгер ал программалык материалдын чон бөлүгүн билбесе, маанилүү каталарга жол берсе, практикалык иштерди ишеничсиз, чоң кыйынчылыктар менен аткарса, жазуу жана окуу иштеринде орфографиялык, пунктуациялык жана грамматикалык каталар арбын кездешсе коюлат. Баа коюуда окуу дисциплинасына ылайык келүүчү компетенциялардын калыптангандыгы эске алынат. |

## 9. КАЛТЫРЫЛГАН САБАКТАРДЫ КАЙРА ТАПШЫРУУНУН ТҮРЛӨРҮ ЖАНА ФОРМАЛАРЫ

Студент аудиториялык сабактарга катышпаган учурда, ал ошол аудиториялык иштин программасын жана мазмунун өз алдынча өздөштүрүп, жумушчу дептерине өзү калтырган көнүгүү дептерин жана конспектисин жазып окутуучуга көрсөтөт, ошондой эле жумушчу дептерине өзү калтырган практикалык сабактын суроолоруна окуу-усулдук, грамматика боюнча көнүгүү китептеринен жоопторду таап жазып, аны окутуучуга оозеки жана жазуу тапшырат, өзү калтырган тема боюнча СӨИ (студенттин өз алдынча ишин) аткарып, аны окутуучунун астында коргойт. Эгер модулга же зачетко чейин ушул иштерди аткарбаса, студент модулдук текшерүүгө жана зачетко киргизилбейт.

## 10. ДИСЦИПЛИНАНЫН ОКУУ-УСУЛДУК ЖАНА МААЛЫМАТТЫК КАМСЫЗДООСУ

Сунушталуучу окуу басылмаларынын, Интернет-ресурстардын, кошумча адабияттардын тизмеси

1. Christina Latham-Koenig, Clive Oxenden. English File –elemantary – Oxford University Press, 2002
2. Christina Latham-Koenig, Clive Oxenden. English File –pre-intermediate – Oxford University Press, 2002
3. Rod Metcalf., “Global workbook., Elementary” Macmillian, 2010
4. Lindsay Clandfield and Kate Pickering., “Global elllementary coursebook” Macmillian, 2010
5. Lindsay Clandfield “Global Pre-Intermediate coursebook” Macmillian 2010
6. Raymond Murphy. English Grammar in Use – Cambridge University Press, 1992
7. K.N.Kachalova, E.E.Israelovich. English Grammar. Moscow 1996
8. Raymond Murphy. English Grammar in Use – Cambridge University Press, 1992

## 11. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК КАМСЫЗДООСУ

Окуу аудиториясы, компьютердик класс, такта, маркер, бор, сүрөттөр, грамматика эрежелери боюнча плакаттар ж.б.каражаттар.